DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2023

*Тилекеева Б.С.*

# КООМДУН ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНДӨ ЖЕРГИЛИКТҮҮ САЛЫК САЛУУНУН ЗАМАНБАП АБАЛЫН ТАЛДОО

*Тилекеева Б.С.*

# АНАЛИЗ СОВРЕМЕННОГО СОСТОЯНИЯ МЕСТНОГО НАЛОГООБЛОЖЕНИЯ В ЭКОНОМИЧЕСКОМ РАЗВИТИИ ОБЩЕСТВА

*B. Tilekeeva*

# ANALYSIS OF THE CURRENT STATE OF LOCAL TAXATION IN THE ECONOMIC DEVELOPMENT OF SOCIETY

*УДК: 336.226.211*

*Бул макалада жергиликтүү салыктардын негизи жана түрлөрү, ошондой эле коомдун экономикалык жактан өнүгүүсүнө тийгизген таасирин билүү үчүн талдоо жүргүзүлгөн. Жана бул макалада мүлк салыгынын азыркы учурдагы жана ага чейинки абалынын өзгөрүүлөрү аркылуу жетишкендиктери кабарланган. Ошондой макалада жергиликтүү мүлк салыгынын өз ара түрлөргө бөлүнүшү, өзгөчө эң көп салыктык киреше алып келүүчү түрү, уюмдардын мүлкүнөн жана жерлеринен алынчу салыктардын акыркы үч жыл аралыгындагы жергиликтүү бюджетти толуктоолорун талдап, мүнөздөмө берилди. Мындан тышкары бул макалада мүлк салынын түрлөрүн жана алардын ар бир жыл аралыгында бекитилип, аткарылып жана четтөөгө ээ болгонун аныкталып, талдоого алынган. Талдоонун жыйынтыгында, макалада каралып жаткан көйгөйлөр изилденип, аларды чечүү жолдорун табуу аракети жүргүзүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *коом, экономикалык өнүгүү, салыктардын түрлөрү, жергиликтүү салыктар, мүлк салыктары, талдоо, көйгөйлөр, натыйжа.*

*В данной статье анализируются основы и виды местных налогов, а также их влияние на экономическое развитие общества. И в этой статье сообщается о прогрессе, достигнутом благодаря изменениям в нынешнем и предыдущем состоянии налога на имущество. В статье также проанализировано и описано деление местного налога на имущество на взаимные виды, особенно тот вид, который приносит наибольшие налоговые поступления, дочисление налогов с имущества и земли организаций в местный бюджет за последние три года. Кроме того, в этой статье определяются и анализируются виды налогов на имущество, а также то, были ли они утверждены, введены и освобождены от налога в течение каждого года. В результате анализа были изучены проблемы, рассмотренные в статье, и предпринята попытка найти их решения.*

***Ключевые слова:*** *общество, экономическое развитие, виды налогов, местные налоги, налоги на имущество, анализ, проблемы, результаты.*

*This article analyzes the basis and types of local taxes, as well as their impact on the economic development of society. And this article reports on the progress made through changes in the current and previous state of the property tax. The article also analyzed and described the division of local property tax into mutual types, especially the type that brings the most tax revenue, the addition of taxes from the property and land of organizations to the local budget over the last three years. In addition, this article identifies and analyzes the types of property taxes and whether they were approved, implemented, and exempted during each year. As a result of the analysis, the problems discussed in the article were studied and an attempt was made to find solutions to them.*

***Key words:*** *society, economic development, types of taxes, local taxes, property taxes, analysis, problems, results.*

Учурда уюмдардын жерине жана мүлкүнө салык салуунун өзгөчөлүктөрүн талдоо мүмкүнчүлүгү канчалык жогору болсо, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө көз карандысыздыктын деңгээли ошончолук жогору болот. Ошол себептен уюмдардын жерине жана мүлкүнө салык салуунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана жергиликтүү бюджетке жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды алуу актуалдуу багыттардын бири.

Кыргыз Республикасында жергиликтүү салыктар жана жыйымдар 1994-жылдын 14-апрелинде Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү салыктар жана жыйымдар жөнүндө» мыйзамы кабыл алынгандан кийин аныкталган [1].

Бул мыйзам аркылуу жергиликтүү салыктар жана жыйымдар, төлөөчүлөр, салык алуу объекттери, салык чендери жана алар боюнча жеңилдиктер, ошондой эле жергиликтүү салыктар жана жыйымдарды жүргүзүү, эсептөө, төлөө жана эсепке алуу тартиби аныкталган [2].

Андан бери бул тармактуу мыйзамга көптөгөн өзгөрүүлөр жана толуктоолор коомдун экономикалык өнүгүүсүнө жараша өсүп, такшалып келүүдө. Уюмдардан жана жеке жактардан алынуучу мүлк салыгы учурда жаңы болуп саналат, анткени 2023-жылдын 1-январь айынан баштап Кыргызстандын салык мыйзамдарында жергиликтүү салыктар, мүлк салыгы жана жер салыгы бир бүтүн болуп саналды.

Мыйзам чыгаруучулар бул жаңычылдыкты жер да менчик экендиги менен белгилешти, ал эми эгерде салык элементтери белгилүү болсо, ал мыйзамдуу деп белгилесе болот.

Мүлк салыгы үч бөлүктөн туруп, алар өз ара бөлүктөргө бөлүнүшөт, мисалга жер салыгы үчкө (3) бөлүнөт. Короо алдындагы жер салыгы, айыл чарба багытындагы жер салыгы, айыл [3] чарба багытындагы эмес жер салыгы болуп бөлүнөт. Мүлк салыгы болсо кыймылдуу жана кыймылсыз болуп бөлүнөт. Мүлк салыгы төрт топтон турса анын үчөөсү кыймылсыз, төртүнчү тобу кыймылдуу болуп эсептелинет.

Баарыбызга белгилүү жер салыгынын максаты – жерди пайдалануучулардан жана жер ээлеринен жер рента алуу аркылуу республикалык жана жергиликтүү бюджетти жыл сайын толуктоо болуп саналат.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Жергиликтүү бюджеттин салыктык кирешелерин талдасак, 2020-жылга жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмү 17 466,1 млн сомду же пландын 95,6%ын түзгөн. 2019-жылдын тийиштүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу кирешелер 1378,2 млн. сомго же 7,3%га азайган. Отчеттук мезгилде жергиликтүү бюджеттин салыктык кирешелеринин көлөмү 15068,4 млн сомду түзүп, пландын 97,7%ын түздү.

Өткөн жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу салыктык түшүүлөр 3,4%га же 527,7 млн сомго азайган. Жергиликтүү бюджеттин салыктык эмес кирешелери 2397,7 млн сомду же пландын 84,3%ын түздү. Өткөн жылдын тийиштүү деңгээлине карата салыктык эмес кирешелер 26,2%га, же 850,5 млн сомго азайган.

*1-таблица*

**Жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин аткарылышы (млн. сом)**

| Жергиликтүү бюджет | Аткарылышы, 2019-ж. | Болжол, 2020-ж. | Аткарылышы, 2020-ж. | Болжол четтөө, (+/-) | Болжол аткарылышы, % | Аткаруудан четтөө 2019-ж. (+;-) | 2019-ж. аткаруу темпинин өсүүсү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кирешелер | 18 844,3 | 18 264,6 | 17 466,1 | -798,5 | 95,6 | -1 378,2 | 92,7 |
| Салык кирешелери | 15 596,0 | 15 420,9 | 15 068,4 | -352,6 | 97,7 | -527,7 | 96,6 |
| Салыктык эмес кирешелер | 3 248,2 | 2 843,6 | 2 397,7 | -445,9 | 84,3 | -850,5 | 73,8 |

1-таблица жергиликтүү бюджеттин болжолун жана аткарылышын баяндайт. 2020-жылы кирешенин пландалган көрсөткүчтөрүнүн аткарылбай калышынын негизги себептери:

• COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу республиканын экономикалык абалынын начарлашы;

• импорттун көлөмүнүн азайышы, анын ичинде ЕАЭБ өлкөлөрүнөн. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча, импорттун көлөмү 2020-ж. январь-декабрь айларында 3 684,1 млн долларды түзгөн. АКШ жана мурунку мезгилге салыштырмалуу 26,2%га төмөндөгөн. 2020-ж. январь-декабрь айларында ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттун көлөмү 1854,6 млн долл. түздү. АКШ мурунку мезгилге салыштырмалуу 11,7% га төмөндөгөн.

Ал эми жергиликтүү [4] бюджеттин 2022-ж. долбоору жана 2023-2024-жж. болжолу КР ченемдик-укуктук актыларынын талаптарынын жана эки деңгээлдүү бюджет системасынын негизинде аныкталган. Жергиликтүү бюджеттердин жалпы саны 484 бирдикти түзөт.

Алардын ичинде: республикалык маанидеги 2 шаар, облустук маанидеги 12 шаар, райондук маанидеги 18 шаар жана 452 айыл аймагы бар [4]. 2022-ж. республиканын жергиликтүү бюджеттеринин долбоорунун жалпы көлөмү 1692,2 млн сомго же 2021-жылдын бекитилген бюджетинен 7,1%га көбөйүү менен 25398,4 млн. сомду түзөт.

Чыгашалар 2022-ж. ИДП деңгээлинен 3,6%ды түзөт [5]. Жергиликтүү бюджетке келип түшүүчү мүлк салыгынын 3 жыл аралыгында, 2019-2020-2021-жж. көрсөткүчтөрүн 2-таблицадан көрөбүз.

*2-таблица*

**2019-2021-жылдардагы мүлк салыктарынын аткарылышы**

| № | Салыктардын аталышы | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Мүлк салыгы | 1721444,0[6] | 1681024,3 | 1844507,5 |
| 2. | Кыймылсыз мүлккө салык | 878464,5 | 896554,6 | 1021452,7 |
| 3. | Ишкердикке колдонбоочу мүлк салыгы | 87327,4 | 90088,2 | 104591,5 |
| 4. | Ишкердикке колдонуучу мүлк салыгы | 791137,1 | 806466,3 | 916861,2 |
| 5. | Кыймылдуу мүлккө салык | 842979,5 | 784469,8 | 823054,8 |
| 6. | Юридикалык жактардын унааларына салык | 105976,9 | 104425,0 | 126068,9 |
| 7. | Жеке жактардын унааларына салык | 737002,6 | 680044,8 | 696985,9 |

2-таблицада көрүнүп тургандай, уюмдардан алынчу мүлк салыктары: ишкердикке колдонуучу мүлк салыгы 2019-2021-жж. өсүү динамикага ээ. Себеби, анын көрсөткүчтөрү 2019-ж. 791137,1 миң сомдон 916861,2 миң сомго чейин өскөн. Ошондой өсүү темпине юридикалык жактардын (уюмдардын) унааларына төлөнчү салыктар ээ болгон.

Алар 2019-жыл 105976,9 миң сом дон 126068,9 миң сомго чейин өскөн. Жалпысынан алганда уюмдар мүлк салыгын өз убагында төлөп жергиликтүү бюджет толуп жатканы аныкталган. 2022-жылга мүлк салыгынын жергиликтүү бюджетке келип түшкөн отчетун төмөнкү 3-таблицада көрөбүз.

3-таблицада мүлк салынын түрлөрүн жана алардын бир жыл аралыгында бектилип, аткарылып жана четтөөгө ээ болгонун аныктайбыз. Ошондой эле 3-таблицада мурунку мыйзам менен салынчу мүлк салыктарынын тизмеси менен таанышса болот (таблицада уюмдар төлөөчү салыктар жашыл түстө белгиленген).

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*3-таблица*

**2022-жылга мүлк салыгынын жергиликтүү бюджетке уюмдардан жана жеке жактардан келип түшкөн отчету**

| № | Көрсөткүчтүн аталышы | Бекитилген бюджет | Такталган бюджет | Аткарылышы | Четтөө | Аткарган, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мүлк салыгы | 1994233,9 | 1969672,0 | 2120339,9 | 155667,9 | 107,6 |
| 2. | Кыймылсыз мүлккө салык | 1113927,0 | 1078332,0 | 1201083,5 | 122751,5 | 111,4 |
| 3. | Турак жайга же жайга мүлк салыгы | 101482,0 | 101842,4 | 148230,8 | 46388,4 | 145,5 |
| 4. | Турак жайга эмес имаратка жана жайга мүлк салыгы | 957810,3 | 951974,4 | 1032079,6 | 80105,1 | 108,4 |
| 5. | 3-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | 54634,7 | 24515,1 | 20773,1 | -3742,0 | 84,7 |
| 6. | Кыймылдуу мүлккө салык | 880306,9 | 891340,0 | 919256,4 | 27916,4 | 103,1 |
| 7. | Юридикалык жактардын унаа каражаттарына мүлк салыгы | 118804,8 | 119316,6 | 123620,6 | 4304,0 | 103,6 |
| 8. | Жеке жактардын унаа каражаттарына мүлк салыгы | 761502,1 | 772023,4 | 795635,8 | 23612,4 | 103,1 |
| 9. | Жер салыгы | 1179353,2 | 873038,9 | 1067872,1 | 194833,2 | 122,3 |
| 10. | Жанаша короо жай жана багбанчылык – огород жер тилкерине мүлк салыгы | 201154,1 | 200691,0 | 240771,0 | 40080,0 | 120 |
| 11. | Айыл чарба жерлерине тиешелүү жерлерге мүлк салыгы | 319082,1 | 10520,6 | 75440,6 | 64920,0 | 717,1 |
| 12. | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы | 659117,0 | 661827,3 | 751660,5 | 89833,2 | 113,6 |

3-таблицада, уюмдардын мүлктөрүнөн алынчу салыктар: Турак жайга эмес имаратка жана жайга мүлк салыгы жана Юридикалык жактардын унаа каражаттарына мүлк салыгы, жана калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыктары 100 пайыздан ашык аткарылганы белгилүү болду.

Бирок 3-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык салуу 84, 7% түзүп, толук аткарылбай калган. 3-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык 20773,1 миң сом чогулганын жана ал 24515,1 миң сом деп такталган бюджеттен азыраак чогулган (3742 миң сом айырмасы).

Ошондой эле 1-сүрөттө Турак жайга эмес имаратка жана жайга мүлк салыгы 1032079,6 миң сом өлчөмүндө чогулуп башка мүлк салыктарына салыштырмалуу көп чогулган. Жана калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында эмес жерлерге салынчу мүлк салыгы (уюмдардан алынчу салык) 751660,5 миң сом өлчөмүндө чогулуп экинчи орунду ээлеген.

Ал эми 2022-жылы юридикалык жактардын унаа каражаттарына салынчу мүлк салыгы 123620,6 миң сом чогулуп үчүнчү орунду ээледи.

2023-жылдын январь-март айлары боюнча мүлк салыгынын жергиликтүү бюджетке келип түшкөн отчетунда, изилденип жаткан жылы жалпы мүлк салыгы 610 252 274,46 сом өлчөмү менен жергиликтүү бюджетте чогулган. Анын ичинде кыймылсыз мүлккө салык 450302502,08 сомду түзсө, кыймылдуу мүлккө салыктан 159949772,38 сом, ал эми жер салыгынан 367837931,04 сом чогулган. Жалпысынан алганда бул көрсөткүчтөр өсүү темпине барабар.

2-сүрөттө уюмдар аркылуу чогулган мүлк салыгынын динамикасы чагылдырылган. Мында дагы эле турак жайга эмес имараттарга жана жайга салынчу салыктар 379239035,9 сом өлчөмүндө чогулуп биринчи орунду ээлейт.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557






**2-сүрөт.** 2023-жылдагы (январь-март айлары) уюмдардан чогулуп келүүчү мүлк салыктардын өсүү динамикасы (сом).

Экинчи орунда калтуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы 287777029,8 сом өлчөмүндө чогулуп турат. Андан соң юридикалык жактардын унаа каражаттарынан алынчу мүлк салыгы 3252020901 сом чогулуп үчүнчү орунда турат. Эң аягында 3-топтогу ишкердик иши үчүн пайданылган кыймылсыз мүлккө салынчу салык турат.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча, уюмдарга салынчу мүлк салыгы планды толук аткарылгандыгы далилденди жана Кыргызстандагы мүлк салыгын изилдеп төмөнкүлөрдү көрсөттү:

1. Мүлккө салык кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктөн, жерлерден алынчу болуп бөлүнөт. Алар кыймылсыз мүлк турак жай имаратка, жана жайларга мүлк салыгы жана кыймылсыз мүлк турак жай эмес имаратка, курулушка жана жайга өз ара бөлүнөт.

2. Кыймылдуу мүлк да ички күйүүчү кыймылдаткычта иштеген унаа каражатынын жана ички күйүүчү кыймылдаткычы жок унаа каражаты болуп бөлүнүшөт.

3. Жерлерден алынчу салыктар калктуу конуштардын жерлерине жана уюмдар тарабынан төлөнүүчү айыл чарба багытындагы эмес жерлерден, айыл чарба багытындагы жерлерден алынчу мүлк салыгы болуп бөлүнүшөт.

Кыргызстан рыноктук трансформация жолуна түштү, мамлекеттик финансыларды менчиктештирүү мамлекеттик секторду реформалоонун маанилүү багыты катары алдыңкы орунга чыкты, анын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу өзгөчө мааниге ээ. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү бийликтин каржылык көз карандысыздыгы менен гана мүмкүн болот.

**Жыйынтыктоо.** Салык саясатынын негизги милдети ата мекендик өндүрүүчүлөрдү колдоого багытталган өлкөнүн салык мыйзамдарынын жаңы редакциясында белгиленген негизги принциптерди мамлекеттик башкаруунун күнүмдүк практикасына максималдуу түрдө киргизүү жана ата мекендик өндүрүмдү тышкы рынокко чыгаруу, чынчыл бизнести коргоо жана экономиканы көмүскөдөн чыгаруу болуп саналат.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына 3 деңгээлдүү бюджетти киргизүү боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн жыйынтыгы боюнча 2023-2025-жылдарга жергиликтүү бюджеттердин долбоорлоруна тиешелүү жергиликтүү райондук бюджеттерди түзүү жөнүндө өзгөртүүлөр кошумча киргизилерин туура деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын салык системасы: калыптануу жана өнүгүү тенденциясы. / КУУ ЭФнин окутуучулар жааматы: Есеналиева Б.Б., Тилекеева Б.С (кыргыз тилине которулган).
2. «Салык жана салык салуу» окуу китеби. КУУ ЭФнин окутуучулар жааматы: Есеналиева Б.Б., Тилекеева Б.С., Элакунова Ж.И. - Б., 2022.
3. «Жер салыгынын учурдагы абалы», «Илимий умтулуулар» журналынын 24-санында (кыргыз тилине которулган). - Минск «Чалгындоо лабораториясы» 2018. ISSN №2311-4711, 113-117ст. (https://elibrary.ru/item.asp?id=37286018)
4. «Коомдун экономикалык өнүгүүсүнө салыктын таасири» Евразия илимий бирикмесинин 59-эл аралык илимий-практикалык конференциясынын жыйнагы (кыргыз тилине которулган). Автор Рысбаева А.К. – Москва, 2020. - https://elibrary.ru/ item.asp?id=42433923.
5. www.cbd.minjust.kg
6. www.sti.gov.kg
7. Тилекеева Б.С., Арзыматов Т.А. Современное состояние налоговой системы Кыргызстана. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2022. №. 3. - С. 149-152.